DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

## ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИ
## ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ
## ECONOMIC SCIENCES

*Алыбаев Дж.Б., Ураимова Н.Ж.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГРАРДЫК СЕКТОРУНУН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

*Алыбаев Дж.Б., Ураимова Н.Ж.*

# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ АГРАРНОГО СЕКТОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Dj.B. Alybaev, N.J. Uraimova*

# THE CURRENT STATE OF THE AGRICULTURAL SECTOR OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 339.138 (076)*

*Аталган макалада Кыргыз Республикасынын агрардык секторундагы акыркы мезгилде болуп жаткан кааттчылыкка байланышкан өзгөрүүлөр жана айыл чарбасынын рыноктун шартына жараша ыңгайлашуусундагы орчундуу маселелер көтөрүлүп, аларды чечүүнүн жолдору жана өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүнгөн. Мисалы, Кыргызстандын экономикасынын атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашынын проблемасы коомдук өндүрүштө сапаттуу мүнөздөмөлөрдүн жоктугунан улам, начар экспорттук түзүмдө, экстенсивдүү өнүгүүгө багытталган (финансы ресурстарынын бардык тараптан чыгымдалышы) сандык көрсөткүчтөрдүн үстөмдүгүндө пайда болгондугун жана Кыргызстандын экономикасын башкарууда өнүгүүнүн жана башкаруунун так стратегиясы жана максаттары жоктугу менен биргеликте, азырынча башкаруунун борборлоштурулган ыкмасы колдонулуп, финансылык тартиптин начарлыгынан ички рыноктогу атаандаштыктын өнүккөнбөгөндүгүнө басым жасалат. Ошондой эле агрардык сектордогу фермердик (дыйкан) чарбалардын күн санап өсүп бараткандыгын жана аны менен биргеликте жер үлүштөрүнүн күн санап майдаланып, механизациялаштыруунун ордуна артка чегинип натуралдык чарбага айланып, айыл чарба продуктуларынын өздүк наркы өсүп бара́тканы белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *агрардык сектор, айыл чарбасы, экономикалык түзүм, айыл чарба продуктусу, айыл чарба рыногу, агрардык маркетинг, дыйкан чарбалар.*

*В статье рассматривается современное состояние аграрного сектора в Кыргызской Республике, а также особенности адаптации аграрного сектора к новым условиям рынка и кризисных явлений. Изучены основные факторы повлиявшие на аграрный сектор экономики такие как: проблемы ухудшения конкурентоспособности экономики в необдуманные структурные преобразования в экономике, в том числе в аграрном секторе, раздробленность сельскохозяйственных товаропроизводителей, отсутствие глубокой переработки сельскохозяйственной продукции. Ухудшения инвестиционного климата, слабая структура экспорта, низкая финансовая дисциплина, а также низкая конкурентоспособность отечественной сельскохозяйственной продукции на внутреннем и внешних рынках. Кроме этого, сделан анализ одного из основных макроэкономических показателей аграрного сектора, как отношение всего объема выпуска сельскохозяйственной продукции и оказанных услуг за 2016-2018 годы к ВВП страны в стоимостных показателях по соответствующим годам и выявлены год за годом в опережающем темпе снижаются объемы всех произведенных и оказанных услуг в аграрном секторе Кыргызской Республики.*

***Ключевые слова:*** *аграрный сектор, сельское хозяйство, экономическая структура, сельскохозяйственная продукция, сельскохозяйственный рынок, сельскохозяйственный маркетинг, крестьянские хозяйства.*

*The article discusses the current state of the agricultural sector in the Kyrgyz Republic, as well as the features of adaptation of the agricultural sector to new market conditions and crisis phenomena. The main factors influencing the agricultural sector of the economy are studied, such as: the problems of deteriorating the competitiveness of the economy into rash structural transformations in the economy, including in the agricultural sector, fragmentation of agricultural producers, lack of deep processing of agricultural products. Deterioration of the investment climate, weak export structure, low financial discipline and low competitiveness of domestic agricultural products in the domestic and foreign markets. In addition, an analysis was made*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*of one of the main macroeconomic indicators of the agricultural sector, as the ratio of the total agricultural output and services rendered for 2016-2018, to the country's GDP in cost terms for the corresponding years and revealed year after year, the volume of total decline services provided and provided in the agricultural sector of the Kyrgyz Republic.*

***Key words:*** *agricultural sector, agriculture, economic structure, agricultural products, agricultural market, agricultural marketing, peasant farms.*

Каатчылык учурдагы дүйнөлүк процесстин кыймылдатуучу күчү болуп саналат жана башка көрүнүштөр сыяктуу эле өзүнө аныксыздыкты жана тобокелчиликти алып жүрөт. Бул биринчи кезекте, дүйнөлүк финансы рыногунун, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар рыногунун, дүйнөлүк өндүрүштүк процесстеринин жана эмгек рыногунун кеңейиши менен негизделген. Каатчылык процесстеринин күчөшү жаңы материалдык ресурстарга, жаны рынокторго жана аймактарга болгон муктаждыкты куч алдырып социалдык-экономикалык туруксуздукту жаратат.

Кыргызстандын экономикасынын атаандашуу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашынын проблемасы коомдук өндүрүштө сапаттуу мүнөздөмөлөрдүн жоктугунан улам, начар экспорттук түзүмдө, экстенсивдүү өнүгүүгө багытталган (финансы ресурстарынын бардык тараптан чыгымдалышы) сандык көрсөткүчтөрдүн үстөмдүгүндө пайда болду. Кыргызстандын экономикасын башкарууда өнүгүүнүн жана башкаруунун так стратегиясы жана максаттары жок, азырынча башкаруунун борборлоштурулган ыкмасы колдонулуп, финансылык тартип жок жана атаандаштык өнүккөн эмес.

Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшү, анын эл аралык экономикалык системадагы абалы, коомдук өндүрүштүн түзүмүнөн көз каранды. Экономиканын учурдагы түзүмүнүн жана башкаруунун үлгүлөрү өндүрүлгөн продуктунун, түзүлгөн капиталдын, калктын иш менен камсыз болушунун жана секторлордун өнүгүшүнүн үлүшүнө ылайык, коомдук өндүрүштүн бөлүктөрүн чектөөгө негизделген. Экономиканын өзгөчөлүктөрү, анын сапаттык мүнөздөмөлөрү экономиканын натыйжалуу түзүмүндө пайда болот.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын түзүмү бир катар өзгөрүүлөрдү баштан кечирди, муну 1-таблицада келтирилген тармактык түзүм боюнча статистикалык маалыматтар тастыктап турат.

*Таблица 1*

**Кыргыз Республикасынын коомдук өндүрүшүнүн түзүмүн жана ИДПнын 2016-2018-жылдардагы өзгөрүшүн анализдөө**

| Тармактар | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. |
|---|---|---|---|
| ИДП, млрд. сом | 476 331.2 | 530 475.7 | 557 113.3 |
| ИДПнын өсүү темпи % м-н. | 8,4 | 2,9 | -0,5 |
| Айыл чарбасы млн.сом | 197 413.9 | 208 530 | 203 822.6 |
| Айыл чарбасы ИДП га % м-н. | 41,4 | 39,3 | 31,5 |

Таблица автор тарабынан эсептелип түзүлгөн (*маалыматтын булагы: Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы 2018, (13-14бб.), 2018, (12-13бб.)* [1].

Ааламдаштыруунун фонунда экономикадагы түзүмдүк реформалар бирдей эмес мүнөзгө ээ. Муну менен катар финансы жана товарлар рынокторунун, эмгек жана капитал рынокторунун ландшафты түп тамырынан бери өзгөрөт. Экономикалык, социалдык жана экологиялык проблемаларды чечүүчү базалык тармакты, рыноктук инфраструктураны жана жашоону камсыздоо чөйрөсүн камтыган экономика түзүмүнүн курамдык элементтеринин натыйжалуу иштеши менен камсыздалат.

Ал эми айыл чарбасынын ИДПдагы үлүшү экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдө 1,5 пайыздан 12 пайызга чейин түзөт (бизде болсо – акыркы үч жылда (2016-2018-жж. аралыгында), 41,4%, 39,3%, 31,5% түзгөн. Албетте белгилей кетчүү жагдай, айыл чарбасынын ИДПга карата үлүшүнө, айыл чарбасындагы кызмат көрсөтүүлөр аны менен биргеликте жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү кошуп эсептелинген). Эгерде аларды кошуп эсептебегенде айыл чарбасынын ИДПга карата катышы кыйла төмөндөмөк.

Кыргыз экономикасынын түзүмүнүн олуттуу айырмачылыгы, биздин экономиканын биринчи кезектеги (айыл чарбасы) секторунун улам жалпы көлөмүнүн азайып баратканын көрсөтүп турат.

Албетте, улуттук экономикада айыл чарбасынын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



орду өтө зор, себеби 60% ашуун калк айыл жергесинде жашап эмгектенишет.

Макроэкономикалык саясатта ИДПнын орточо жылдык өсүшү 8,4% - 2016-жылга дал келсе кийинки 2017-жылы 2.9%, ал эми 2018-жылы ИДПнын жылдык көлөмү - 0,5% төмөндөп кеткен. Жогорудагы көрүнүш негизинен өндүрүш тармактарынын – өнөр жай жана айыл чарба продукцияларынын өндүрүлүп аны рынокто сатып өткөрүүгө байланыштуу. Андан сырткары “Кумтөр” алтын кен өндүрүүчүлөрүнүн өндүрүш көлөмүнүн төмөндөшүнө жана жалпы улуттук экономикага тартылган инвесициянын көлөмүнүн төмөндөшү менен түшүндүрүлөт.

Бирок айыл чарба продукцияларын өндүрүү менен алектенген ишканалар эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгү жана кошумчаланган наркы менен жаңы жумушчу күчтөрүн сунуштоо проблемасын менен күрөшө алышпай жатат. Бул болсо ишкананын натыйжалуулугун жогорулатпайт, экономиканын атаандашуу жөндөмдүүлүгүн жана инвестициялык жагымдуулугун төмөндөтөт.

Аны менен биргеликте айыл чарбасын механизациялаштыруу, автоматташтыруу жана жаны технологияларды колдонуу өнөктөштүктөрү, майда дыйкан чарбаларынын айыл чарбада үстөмдүк кылышынан кийинки мезгилге жылууда. (Бүгүнкү күндө фермердик дыйкан чарбаларынын саны 286 минден ашты).

Бүгүнкү күндө майда чарбаларды кооперативдерге же жана башка биргелешип чарба жүргүзүү, аларды ирилештирүү демилгеси алдыга чыкты.

Мындай учурда айыл чарба тармагында кечиктирилгис төмөндөгүдөй артыкчылыктуу экономикалык максаттарды белгилөө зарыл:

1. Айыл чарба тармагындагы чыгымдарды жаны технологияларды колдонуу аркылуу кыскартуу;

2. Айыл чарба продукцияларын сактоону жана анын көлөмдөрүн жогорулатып, кайра иштетүүгө даярдык көрсөтүү максатында республиканын ар бир областында логистикалык борборлорду ачуу;

3. Мамлекеттик денгээлде маркетингдин программасын иштеп чыгуу;

4. Айыл чарба секторунда маркетингдик борборлорду түзүү;

5. Ирилештирилген айыл чарба ишканаларын жана ага мамлекет тарабынан шарттарды түзүү;

6. Ар бир райондо же аймакта айыл чарба продуктуларын кайра иштетүүнү адистештирүү аркылуу ишке киргизүү.

Жогоруда белгиленген чараларды ишке ашыруу бүгүнкү күндүн негизги талабы бойдон калууда.

Жогоруда белгиленген максаттарды ишке ашырууда ар бир өлкөнүн өнүгүүсүндө тандап алган экономикалык моделдери өзгөчө ролго ээ.

Биз Урайымов Н.Ж. өз макаласында белгилеп кеткен дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдүн моделдеринен ичинен шведдик моделди тандамакбыз [2].

Ошондой эле, экономиканын агрардык секторунун өнүгүшү айыл чарба ишканаларынын чарбалык ишмердүүлүгүнүн бардык тарабы менен байланыштуу. Ушундан улам айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн өндүрүштүк-коммерциялык ишмердүүлүгүн изилдөө республиканын агрардык өндүрүшүнүн жана анын рыноктук перспективаларынын өнүгүшүнүн тенденциясын жана шарттарын аныктоодо маанилүү.

Абалдын начарлашынын себеби болгон негизги факторлорду белгилөө менен бир жагынан макроэкономикалык шарттардын таасирин, башка жагынан – ишканалардын өзүндө маркетингдик, өндүрүштүк, финансылык жана башка ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун негизделген мүнөзүн жана өзгөрүүлөрүн бөлүп кароого болот. Экономиканын агрардык секторунун ишмердүүлүгүнүн экономикалык жыйынтыктары таасирин тийгизген Кыргызстандын өткөөл экономикасынын төмөндөгүдөй олуттуу кемчиликтерин бөлүүгө болот:

- 1991-2011-жылдары ишканаларды ойлонбостон жана шашылыш менчиктештирүү, менчикке анчалык дагы кызыкдар болбогон жаңы кожоюндарга өтүшү жана рынок шартында ишкананын ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкара билбеген адистердин келиши;
- экономикалык шарттардын туруксуздугу, инфляция, өндүрүштүк-экономикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруудагы олуттуу экономикалык тобокелчиликтер;
- ресурстардын жана айыл чарба продуктусунун бааларынын ортосундагы макроэкономикалык баанын диспорциясынын жогорулашы, натыйжалуу дотациялык саясатты колдоону жана жүзөгө ашырууну аткарууну талап кылган агроөнөржай комплексине дотациялык жардамдын токтотулушу;
- материалдык-техникалык камсыздоо жана айыл чарба продуктуларын кайра иштетүү чөйрөсүндөгү ишканалардын монополиясы;
- товардык жана өндүрүштүк байланыштын бузулушунун, товар жүгүртүүнүн чыгымынын көбөйүшүнүн кесепетинен чарбалык байланыштардын жана экономикалык өз ара мамилелердин бузулушу;
- агроөнөржай секторунда тейлөөнүн натыйжалуу финансылык-кредиттик системасынын жоктугу;

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



- керектөөчүлөрдүн өзгөрүлмөлүү муктаждыктарын, рынок талаптарын эске алуу менен иштөөгө даяр жаңы атаандашууга жөндөмдүү өндүрүштүн, технологиялардын, өз ара аракеттенүүнүн экономикалык механизмдеринин, рыноктук инфраструктураларынын начар өнүгүшү.

Агрардык өндүрүштүн натыйжалуулугунун экономикалык кайра түзүүлөр чөйрөсүндөгү жүргүзүлгөн максаттуу мамлекеттик саясаттын товар өндүрүүчүлөрүнүн ишмердүүлүгүнүн маанилүү макроэкономикалык шарттарынан көз карандылыгы бир жагынан алар тарабынан түздөн төз көзөмөлгө алынбаган кырдаалдын түзүлүшүнө алып келсе, экинчи жагынан – ишкана иш жүзүндө алардын маркетингдик, өндүрүштүк, финансылык-экономикалык ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу үчүн колдо бар өндүрүштүк, финансылык ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн колдоно албагандыгында. Ушуга байланыштуу өндүрүштүк потенциалдын абалын азык-түлүк жана айыл чарба чийки заты рынокторунун абалы жана өнүгүшү менен катнашта изилдөө натыйжалуу маркетингдик иштердин калыптанган белгилерин жана багыттарын, республиканын агрардык секторунун өнүгүшүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана перспективаларын аныктоо үчүн жөнөтүү түйүнү болуп саналат.

Статистика боюнча мамлекеттик комитетте колдонулган аймактардын айыл чарба товардык өндүрүшүн талдоо боюнча ыкма агрардык сектордун рыногун төмөндөгү кичи рынокторго жана сегменттерге бөлүүгө мүмкүнчүлүк берет:

- негизги өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдү, дифференцияланган товар өндүрүүчүлөрдүн менчик формасынын категориясы боюнча, интенсивдүүлүгүн жана товар өндүрүшүнүн көлөмүн аныктоону;
- республикада өндүрүлгөн негизги азык-түлүк товардык топторун аныктоого;
- продуктуну сатуудагы каналдарды жана ыкмаларды пайдалануунун натыйжалуулугун жана айыл чарба продуктуларынын рынокторун керектөөчүлөр тарабынан жетишкен жактарын баалоого;
- республиканын рыногунун аймактык сегменттеринин сыйымдуулугун жана аймактык-географиялык рыноктордун жигердүүлүгүн дифференциациялоону.

Аймактарда айыл чарба продуктусун дүң өндүрүү түзүмүн талдоо, аймактын негизги товардык айыл чарба өндүрүшү дыйкан (фермердик) чарбалардын менчигинин негизинде түзүлгөндүгүн тыянактасак болот. Айыл чарба ишканаларынын сатуудан түшкөн пайдасынын түзүмүн талдоо көпчүлүк чарбалар, анын ичинде орто жана майда чарбалар үчүн буудайды, жашылчаларды, картошканы, сүттү, ири мүйүздүү малдын жана койдун этин сатуу алда канча маанилүү экенин аныктоого шарт түзөт.

Америкалык статистиканы карасак, 1995-жылы өлкөдөгү бардык чарбалардын 33,5% майда чарбалар түзүп, алардын ар бири орточо эсеп менен 5 миң долларлык айыл чарба товарларын өндүрүп сатышкан же болбосо бардык айыл чарба продуктуларынын 3,1% гана бөлүгүн түзгөн. Ал эми жылына 500 миң доллардан ашык айыл чарба продукцияларын өндүрүп саткан ири фермердик чарбалар бардык чарбалардын жалпы санынын 1,5% гана түзгөнү менен алардын үлүшүнө 33% өндүрүлгөн продукциянын көлөмү туура келип жана алардын алган таза пайдасы 22,5 млрд. долларды түзгөн (3).

Дагы бир белгилей кетчүү өзгөчөлүк, өнүккөн өлкөлөрдүн агрардык секторундагы берилүүчү ар кандай дотациялар жана субсидиялар айыл чарба продуктуларынын өздүк наркынын 40%дан 80% чейин түзөт. Айыл чарбасына мамлекет тарабынан берилген финансылык жардамдардын көлөмдөрүн жана анын өзгөчөлүктөрүн төмөндөгү мисалдар көргөзүп турат. Германияда бир фермердик чарбага көрсөтүлгөн финансылык жардамдын көлөмү орточо эсеп менен 35 миң евро туура келет. Андан тышкары мамлекеттик органдар аркылуу ар тараптуу иш-чаралар өткөрүлөт. Көзөмөл жүргүзгөн аудитордук союздар айыл чарба кооперативдеринин финансылык жана чарбалык ишмердүүлүгүн бир жылда бир гана жолу текшеришет. Бул текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен кооперативдерге кетирилген кемчиликтер боюнча кеңештер берилип, аткарылуучу жумуштарды жакшыртуу боюнча сунуштар берилет.

Мисалы, Канадада сүт өндүрүү боюнча бюджеттен бериле турган жардамдар өндүрүлгөн сүттүн өздүк наркынын 90% түзөт. Батыш Европа өлкөлөрү жаратылыш-климаттык шарттарга байланыштуу агрардык секторго акча каражаттарын бөлүп турат. Абырайы канчалык катаал болсо, өлкөнүн улуттук дүң продуктусунун ошончолук көп бөлүгү агрардык муктаждыктар үчүн колдонулат. Ал боюнча төмөндөгү көрсөткүчтөр күбөлөндүрүп турат. Францияда айыл чарбасына бөлүнгөн субсидиялар ички дүң продуктунун 7,1%, Германияда - 13,7%, Ирландияда -14,8%, Австрияда -13,7%, Данияда - 17,7%, Улуу Британияда - 27,2%, Норвегияда - 17,5% түзөт. Фермердик чарбалар менен айыл чарба кооперативдерине берилген ассигнованиялардын үлүшүнө жараша кирешелерин карап көрсөк, анда АКШда мамлекеттик субсидиялар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн алган кирешелеринин 30%тин, евро биримдикте 49%тин, Швецияда 59%тин, Финляндияда 71%тин, Японияда 75%тин түзөт [4]. Евро биримдикке кирген Батыш Европа өлкөлөрү бирдиктүү айыл чарба саясатын иштеп чыгып, аны ишке киргизишти. Агрардык сектордун муктаждыктарына мамлекеттик ассигнованиялардын жана айыл чарба продукцияларынын сатып алуу бааларын жана экспортко чыгаруучу продукцияларга субсидиялардын негизи – бул бир гана айыл чарба эмгекчилерине колдоо көрсөтүү гана эмес, коомдогу социалдык чыңалууну төмөндөтүүчү иш-чара болуп эсептелинет. Ошондуктан көпчүлүк өлкөлөрдө баалардын деңгээлин дайыма мамлекет көзөмөлдөп турат жана рынокто бааларды ээнбаш коё бербейт. Мисалы, Францияда айыл чарба рыногунда баалар кепилденген деңгээлден төмөндөп кетсе, мамлекет тарабынын товар өндурүүчүлөргө өндүрүш үчүн гана эмес, аны сактоо жана кайра иштетүүгө дагы компенсация төлөп берет. Бир сөз менен айтканда, дыйкандарга өзүнүн эмгегинен сөзсүз киреше алышын мамлекет кепилдикке алат.

Айыл чарба өндүрүшүнө жагымдуу шарттар түзүлгөн өлкөлөрдө айыл чарба продуктулары арзан. Салыштыруу иретинде америкадагы азык-түлүк товарларынын наркын карап көрсөк, анда ошол азык-түлүк товарлары Америкадагыга караганда Евробиримдикке кирген мамлекеттерде 1,6-1,7 эсе болсо, ал эми Японияда 3 эсе жогору. Скандинавия өлкөлөрүндө айыл чарба продуктуларын өндүрүүгө аябагандай чоң чыгашаларды жумшашат. Мисалы, Финляндияда – мамлекет өлкөдө өндүрүлгөн буудайды, америкалыктарга салыштырмалуу өздөрүндө өндүрүлгөн буудайга караганда 4 эсе кымбат сатып алат. Жергиликтүү өндүрүштү коргоо үчүн жогору баада продуктуларды сатып алуу, бажы төлөмдөрү жана чет элден келген азык-түлүктөргө чектөө киргизүү сыяктуу механизмдер кеңири колдонулат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы 2018, (13-14б.), 2018. - (12-13-бб.)
2. Урайымов Н.Ж. Онуккон олколордогу базар экономикасын жонго салуну уюштуруу. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. - №5. - С. 110-112.
3. АӨК ишканалары менен өнөр жайдын ортосундагы алмашуунун эквиваленттүүлүгү // Айыл чарба ишканаларынын жана кайра иштетүү ишканаларынын экономикасы, 2014. - №6 - 2-6-бб.
4. Родионов А. Экономикалык жоопкерчиликтин механизмдерин жакшыртуудагы чет өлкөлүк инвестициялардын ролу //АӨК: экономика, башкаруу. - 2009. - №7. 39-42-бб.
5. Кыргыз Республикасынын 2025-жылга чейинки узак мөөнөткө экономикалык саясаты жана социалдык-экономикалык өнүгүшү - Б.: КР ЭӨжСМ алдындагы ЭСБ.